**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.21.628 диссертациялык кеңеши (дареги: Бишкек шаары., Чүй , 265а) Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын 07.00.07-этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде" деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоо жыйынынын**

**06.10.2021-ж.** **Бишкек ш.**

## № 10 ПРОТОКОЛУ

**Отурумга кеңештин 13 мүчөсүнүн ичинен 10 киши катышты: Чоротегин Тынчтыкбек Кыдырмамбетович** – төрага, т.и.д., профессор, (07.00.07); **Асанканов Абылабек Асанканович** – төраганын орун басары, т.и.д., профессор (07.00.07); **Жапаров Амантур Забирдинович** – окумуштуу катчы, т.и.к., ага илимий кызматкер (07.00.07); **Батырбаева Шайыркуль Жолдошевна** – т.и.д., профессор (07.00.07); **Бикбулатова Аниса Рифовна** – т.и.д., доцент (07.00.07); **Джоошбекова Айнагул Рысбаевна** – т.и.д., доцент (07.00.07); **Каратаев Олжобай Кубатбекович** – т.и.д., профессор (07.00.07) ОНЛАЙН; **Койчуманова Чолпон Урушбековна** – т.и.д., профессор (07.00.07); **Табалдиев Кубатбек Шакиевич** – т.и.к., доцент (07.00.06); **Чаргынов Темирлан Таштанбекович** – т.и.к., доцент (07.00.06).

## КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕНИ КАРОО

**Төрага:** Урматтуу Кеңештин мүчөлөрү! Келүү баракчасы боюнча бүгүнкү жыйынга диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнөн 10 киши катталды. Кворум бар. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү катышып олтурушат, кеңештин жумушун баштасак болот. **Күн тартибиндеги экинчи маселе Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын "Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде"** деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо.

Илимий жетекчиси: тарых илимдеринин доктору, доцент, И.Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын башчысы Джоошбекова Айнагул Рысбаевна.

Диссертация ОшМУнун Чыгыш таануу жана тарых факультетинин “Кыргызстан тарыхы жана архелогия, этнология” кафедрасында аткарылган.

Эксперттик комиссиянын курамы: т.и.д., профессор Батырбаева Шайыркул Жолдошовна, т.и.д., т.и.д., доцент Турдалиева Чолпон Джапарбековна, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Койчуманова Чолпон Урушбековна.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча кимде кандай пикирлер бар?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Бекитилсин.

**Төрага:** Күн тартиби бекитилсин деген кеңештин мүчөлөрү добуш берип койсоңуздар.

Добуш берилип күн тартиби бир добуштан жактырылды.

**Төрага:** Талапкердин аттестациялык делосундагы материалдары жана иш кагаздары менен тааныштыруу үчүн, сөз окумуштуу катчы, тарых илимдеринин кандидаты Жапаров Амантур Забирдиновичке берилет.

**Окумуштуу катчы А.З. Жапаров** изденүүчү **Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын** аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** Өздүк иш кагаздарынын материалдары боюнча окумуштуу катчыга кандай суроолор бар?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Суроо жок.

**Төрага:** Сөз диссертациянын негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн изденүүчү Абдувапова Айнагүл Тешебаевнага берилет.

**Изденүүчү А.Т. Абдувапова**: Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн негизги шарттарынын бири – этнодемографиялык жүрүмдөрдү башкаруу. Демографиялык өнүгүү Кыргызстанда болуп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүнүн алкагында өсүп-өнүгүп туруучу жүрүм. Бардык мамлекеттер өздөрүнүн аймагында жүрүп жаткан демографиялык, анын ичинде этнодемографиялык жүрүмдөргө дыкат көңүл бөлүп турат. Туура багытта жүрүп жаткан демографиялык жүрүмдөр өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет.

Ош облусу Кыргызстандын чегинен сырткары бүтүндөй Борбордук Азия мейкиндигинде өзүнүн географиялык абалы менен Чыгыш менен Батышты бириктирген маанилүү түйүн. Калкынын саны боюнча Фергана өрөөнү калк эң жыш жайгашкан аймактардын бири болуп эсептелет. Бул жер көп этностуу аймак катары өлкөнүн социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүсүнө олуттуу салымын кошуп келет. Ошондуктан Ош облусунун калкынын этнодемографиялык маселелерин илимий жактан изилдөө азыркы мезгилдеги этнология илиминдеги актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында» демилгелүү иш катары да иш жүзүнө ашырылды.

**Изилдөөнүн максаты.** Азыркы мезгилдеги Ош облусунун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүн ар тараптуу жана комплекстүү изилдөө болуп саналат.

Жогорудагы максатка ылайык диссертацияда төмөнкү **милдеттер** коюлду:

- азыркы учурдагы облустун калкынын өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири катары анын социалдык-экономикалык абалын талдоо жана калктын социалдык түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү аныктоо;
- калктын табигый өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү;
- облустун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүнө миграциянын тийгизген таасирин карап чыгуу;
- калктын этностук курамынын өзгөрүүсүн, никелешүү жана ажырашуу маселелерин талдоого алуу;
- облустун аймагында жашаган калктын жаш-курамдык көрсөткүчтөрүн талдоо;
- этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Облустун калкынын динамикасына таасир этүүчү социалдык-экономикалык шарттар, облустун райондору жана шаарлары боюнча административдик-территориялык өзгөрүүлөр этнология илиминде өз алдынча алгачкы жолу изилденди.
- Изилдөөдө Ош облусунун калкынын рынок шарттарына карата ыңгайланышуусу, үй-бүлөнүн материалдык абалынын калктын өзүн-өзү жаратуусуна таасири алгачкы жолу өз алдынча этносоциологиялык материалдар менен аныкталды.
- Ош облусунун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсүнө, никелешүү жана ажырашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, этнодемографиялык жактан өнүгүүсүнө табигый өсүштүн жана миграциянын таасири көрсөтүлдү.
- Калктын этностук курамынын динамикасы, жыныстык жана жаш курамдары изилденди жана анын өзгөчөлүктөрү белгиленди.
- Калктын социалдык-демографиялык түзүмүнүн жана аймактарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын мамлекеттин анын ичинде аймактардын демографиялык, социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарын аныктоодо, атайын курстарды иштеп чыгууда, жалпыланган илимий эмгектерди жазууда колдонууга болот.

**Коргоого сунушталуучу жоболор:**

- Учурда Ош облусу – Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик жана калкынын саны боюнча да өлкөдөгү эң чоң аймак. Ош облусу байыртадан дыйканчылык жана мал чарбачылыктын айкалышып өнүккөн аймагы болуп эсептелет. Бул аймакта байыртадан эле отурукташып, дыйканчылык менен кесиптенген жана мал чарбачылыгын жүргүзгөн көчмөн элдердин маданияты жанаша жашап, алардын бирин - бири толуктап туруучу айкалышуусунун негизи

калыптанган. Бул айкалышуунун салттары бүгүнкү күнгө чейин сакталып, өнүгүп келе жатат.

- Рынок экономикасына өтүү менен Ош облусунун көп этностуу тургундары жаңы жумуш жана жаңы киреше булактарын издөөгө аргасыз болушту. Жумуш менен камсыз болгон калктын социалдык түзүмүндө өндүрүштө иштегендерге караганда тейлөө чөйрөсүндө эмгектенгендердин саны өскөн. Экономиканын мамлекеттик сектору бир кыйла кыскарып, өз алдынча жумуш менен өзүн-өзү камсыз кылгандардын саны көбөйдү. Облуста жакырчылык, жумушсуздук ири социалдык маселе болуп саналат.
- Изилденип жаткан жылдар аралыгында облустун калкы бир кыйла көбөйгөн. Калктын санынын өсүшүнө негизинен табигый кыймылдын таасири чоң. Облустун калкынын ичинде эмгекке жарамдуулардын саны өскөн жана балдар менен өспүрүмдөрдүн саны азайган.
- Облуста жашап жаткан этностордун курамы жаш-курактык жактан айырмаланышат. Аларды эки топко бөлүп кароого болот:

  ***биринчи топ*** – демографиялык жактан жаш, курамында жаштардын саны көпчүлүктү түзгөн этносторго – кыргыздар, өзбектер, тажиктер кирет;

  ***экинчи топ*** – демографиялык жактан картайып бара жаткан, башкача айтканда курамында жаштардын саны аз болгон этносторго – орустар, татарлар, украиндер жана башкалар кирет. Бирок кыргыздардан айырмаланып өзбектер менен тажиктердин санынын көбөйүшүнө табигый өсүштөн сырткары механикалык жактан да өнүгүү мүнөздүү, башкача айтканда, кошуна Өзбекстан Республикасынын Фергана өрөөнүнөн Кыргызстандын түштүгүнө көчүп келип, жайгашып калгандар да аз эмес.
- Этностор арасындагы куракттык топтук айырмачылыктарга таасир этүүчү негизги себептердин бири – төрөлүүдөгү этностук өзөчөлүктөр болуп эсептелет. Кыргыздар менен өзбектердин орточо жаш курагынын салыштырмалуу жаштыгы жана алардын санынын көптүгү эң биринчи иретте алардын арасындагы табигий өсүштүн жогорулугуна жана ошонун натыйжасында үй-бүлөлөрүнүн көп балалуулугуна байланыштуу.
- Калктын арасында улгайып калган адамдардын санына караганда жаштардын саны көп. Калктын жайгашуусунда айыл жеринде жашагандардын арасында кыргыздардын саны көп. Ал эми шаар жерлеринде өзбектердин жана орустардын көпчүлүгү жашашат.
- Калктын курамынын өзгөрүшүнө физиологиялык, экономикалык, демографиялык, социалдык, саясий жана маданий факторлор таасирин тийгизет. Эгерде төрөлүү жүрүмү социалдык-психологиялык, экономикалык жана салттуу этно-тарыхый шарттар жана өздүк каалоолор менен тыгыз байланышта болсо, өлүм жүрүмү негизинен объективдүү себептердин таасири менен аныкталып, түздөн-түз

облустун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинен, тургундардын материалдык абалынан да көз каранды.

- Учурда ички миграцияда негизинен кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Ош, Бишкек, Жалал-Абад сыяктуу ири жана орто шаарларга, Чүй облусунун райондоруна багытталып көчүп кетүүсү же мезгилдик жумуштарда иштөө үчүн кетүүсү байкалды. Тышкы эмгек миграциясынын багыты өзгөчө Россияга жана Казакстанга багытталган. Жакынкы жылдарда бул мүнөздүү багыт уланат.
- Ош облусунун калкы көп этностуу. Миграциялык агымдардын жана калыптанган демографиялык абалдын натыйжасында акыркы отуз жылдай аралыкта облустун калкынын этностук курамы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анда кыргыздардын, өзбектердин саны көбөйгөн. Орустардын, жана башка славян тилдүү этностордун саны кыскарган. Акыркылардын санынын азайышы, эң биринчи иретте, жалпы эле республикадагы, анын ичиндеги облустун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү кыйынчылыктарга, кардиналдуу экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу. Ошону менен бирге саясий факторлордун да таасири бар.
- Кыргызстандагы өзбектердин, тажиктердин дээрлик баары же басымдуу бөлүгү бул аймакта жашайт. Кыргыздар Ош облусунун бардык райондорунда негизги басымдуу көпчүлүктү түзгөн калк катары бир кылка жайгашкан.
- Ош облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган, бул көрүнүш эң биринчи иретте кыргыз жана өзбек этносторунун ортосунда болуп жатат. Алардын этномаданий өнүгүүсүндөгү этностук жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Бул көрүнүш акырындык менен көбөйүүдө.
- Ош облусунун аймагында жашаган этностордун өкүлдөрүнүн этностук маданиятына, тилине кам көрүү аркылуу алардын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө шарттар бар. Фергана өрөөнүндө этностор байыртадан чогуу жашап, маданиятында, турмуш-тиричилигинде, дүйнө таанымында, этностук картинасында көптөгөн жалпылыктар калыптанган. Ошол жалпылыктар акырындык менен бардык этносторго жайылып жатат.

Диссертация үч баптан туруп, анын биринчисинде этнодемографиялык жүрүмдөрдүн тарыхнаамасы, экинчи бапта изилдөө методологиясы каралган. Үчүнчү бап Ош облусунун калкынын өнүгүү деңгээлине байланыштуу маселелер талдоого алынган. Төртүнчү бапта облустагы этнодемографиялык жүрүмдөр этносоциологиялык изилдөөлөрдөн алынган материалдардын негизинде анализденди.

Көп улуттуу Ош облусу жана жалпы Кыргызстан үчүн мамлекеттин эгемендүүлүгүн, территориялык бүтүндүгүн, стабилдүүлүгүн сактоо менен бирге мындан ары социалдык-экономикалык, саясий жактан өнүгүүнүн негизги шарттарынын бири – улуттук биримдикти калыптандыруу жана

бекемдөө болуп саналаарын 2010-жылдагы апрель окуясы, июнь айындагы Кыргызстандын түштүгүндөгү окуялар көрсөттү.

**Төрага:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү изденүүчүгө суроолоруңуздар болсо бериңиздер.

**Бикбулатова А.Р.** Ош облусунун тургундары көбүнчө кайсы өлкөлөргө миграция болуп жатат?

**Изденүүчү Абдувапова А.Т.** Миграциялык агымдын негизги бөлүгү Казакстан, Россия мамлекеттерин көздөй кетип жаткандыгын биздин изилдөөлөрүбүз даана көрсөтүп турат.

**Асанканов А.А.** Облуста жашап жаткан этностордун сандык курамы тууралуу эмнени айта аласыз?

**Изденүүчү Абдувапова А.Т.** Этностордун катталышы маселесине келсек, облуста жалпысынан алганда кыргыздар көпчүлүктү түзөт. Андан кийин өзбектер, тажиктер, уйгурлар турат. Ал эми шаарларга келе турган болсок өзбек калкы сандык жактан басымдуулук кылгандыгын көрөбүз.

**Төрага:** Башка суроо жок болсо, эксперттик комиссиянын тыянактары менен таанышсак. Сөз комиссиянын төрайымы, т.и.д., профессор Батырбаева Шайыркуль Жолдошовнага берилет.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы т.и.д., проф. Батырбаева Ш.Ж.** Изденүүчү Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын кандидаттык диссертациялык ишине берилген жыйынтыгын окуп чыктым. Изденүүчүнүн бул тема боюнча көп жылдардан бери эмгектенип, изилдеп келе жатканын белгилеп коюшум керек.

Диссертациянын жетишкендиктери менен катар айрым бир мүчүлүштүктөр орун алганын айтсак болот. Алар:

1. Тарыхнаамелик талдоого арналган 1- баптагы талдоо теманын хронологиялык алкагына туура келбейт. Постсоветтик мейкиндикте Кыргызстандын азыркы учурдагы этнодемографиялык процесси Борбордук Азиянын алкагында салыштырмалуу жана өзүнчө берилген, андан сырткары этностук конфликттин тийгизген таасири кандай каралып жатканын чагылдырса туура болмок.
2. Тандалып алынган изилдөө объектисин жана предметинин актуалдуулугун этносоциология гана эмес этностук белгини критерий катары колдонуп изилдеген тарых жана гуманитардык алкактагы эмгектерге токтолуу керек эле.
3. Изилдөөнүн объектиси жана предметин конкреттештирүүдө "Калкты изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери" деп аталган параграфта диссертациянын алкагында карала турган маселелерди изилдөөдө кандайча негиз болуп берери аныкталган эмес.

4. Булактаануу бөлүгүндө диссертациянын мазмунун ачып бере турган тарыхый булактардын белгилүү бир бөлүгү көз жаздымда калган.
5. Ош окуясы калктын этнодемографиялык процессине тийгизген таасири, ага тиешелүү баа берилген эмес.
6. Ош облусунун калкынын жаш-куракттык түзүмүндөгү динамиканы билүү үчүн Улуттук статкомго кайырылып маалыматты толук алуу зарыл, анткени маалыматтардын басымдуу көпчүлүгү, айрыкча Ош облусунун ички райондук денгээлде жана этностук курамы боюнча маалыматтар 2009-жыл менен чектелип калган.
7. Сандык көрсөткүчтөрдү колдонууда тактык керек.

А.Т.Абдувапованын диссертациялык ишин ЖАК сунуштаган жаңы жобонун пункттарына ылайык жабдылган, өз алдынча жазылган илимий иш деп санайм жана айтылган пикирлерди эске алуу менен коргоого сушуштайм. (экспертин кортундусу тиркелген).

**Төрага:** Эксперттик комиссиянын биринчи мүчөсүнүн сын-пикирлерине жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү Абдувапова А.Т.** Ош окуясы, биздин изилдөөбүздүн объектиси эмес болчу. Сиздин сунушуңуздун негизинде Ош окуясы боюнча диссертацияга үч бет кошуп чыктым. Статистикалык маалыматтарды алганга статкомго закад берилди. Буюрса аны алгандан кийин диссертациялык ишке киргизем. Сиз айткан сандык көрсөткүчтөрдүн баарын карап, тактап чыктым. Иштин деңгээлин жакшыртуу үчүн берген сунуштарыңыз үчүн рахмат.

**Төрага:** Экинчи эксперт т.и.д. Чолпон Жапарбековна Турдалиеванын жүйөлүү себеп менен катыша албаганына байланыштуу, анын корутундусу менен тааныштыруу үчүн сөз окумуштуу катчы Амантур Жапаровго берилет.

**Окумуштуу катчы, т.и.к., а.и.к. Жапаров А.** Ушул жерде отурумдун мүчөлөрүнө айтып кетүүчү нерсе т.и.д.профессор Ч.Турдалиева Эксперттик комиссиянын мүчөсү катары Эксперттик комиссиянын башка мүчөлөрүнүн ой-пикирлерине, сунуштарына кошулам деген электрондук кат жиберген.

Эксперт мындай деп жазат: Диссертациянын жетишкендиктери менен катар айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ экендигин белгилейм. Алар:

1. Диссертант иштин тарыхнаамалык бөлүгүндө бул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзгөн авторлордун эмгектеринде эмнелер изилденген, азыркы изилдөөлөрдө эмнеге өзгөчө көңүл буруу керектигин баса белгилеши зарыл эле.
2. Иштин методологиялык бөлүгүндө изилдөөнүн программасында эмне үчүн Большевик айылы тандалып алынгандыгы тууралуу түшүндүрмө жана изилдөөгө алынган адамдардын саны жөнүндө тиркемеде таблица формасында маалымат керек.
3. Диссертациялык иштин мазмунунда кээ бир маалыматтар бар жерлерде ссылкаларды коюуну эстен чыгарбоо керек.
4. Изилдөөдөгү IV баптын 4-бөлүгүнүн “Облустагы этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү” деген аталышы өтө кенен болуп калгандай ой калтырат.

5. Диссертациянын мазмунудагы материалдарда аялдар жөнүндөгү маалыматтарды бөлүп көрсөтүү керек деп ойлойм.

Жогорудагы кемчиликтер эске алынса, иштин жалпы илимий деңгээли мындан да жогорулайт эле. Этносоциологиялык материалдардын негизинде Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөр ар тараптуу изилденген жана илимий жыйынтыктар чыгарылган. Айтылган айрым сын пикирлерге карабастан диссертация илимий усулдар менен жазылган, жыйынтыкталган эмгек. Диссертациялык кеңеште коргоого сунуштайм жана (экспертин кортундусу тиркелген).

**Төрага:** Экинчи эксперттин айткан сын-пикирлерине жооп берүү үчүн сөз изденүүчү Айнагүл Абдуваповага берилет.

**Изденүүчү Абдувапова А.Т.** Чолпон Джапарбекованын биринчи пикирине жооп берсем, диссертациялык иште негизинен Ош облусунун калкы, этностук курамы, социалдык-экономикалык абалы, калкка тийгизген таасири, этностордун билим деңгээли, аймактык жайгашуулары каралган. Кийинки сын пикири техникалык мүчүлүштүктөргө байланыштуу экен. Шилтемелер кайрадан каралып, оңдой турган жерлери оңдолуп, коюлуп чыкты.

**Төрага:** Кийинки сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү т.и.д, профессор, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү Койчуманова Чолпон Урушбековнага берилет.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү т.и.д., проф.Койчуманова Ч.У.** Изденүүчү Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын "Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)" аттуу 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын карап чыктым. Убакытты көп албас үчүн сын пикирлерге токтолсом.

1. 76-бетте, автор, адамдардын жашоо шарты канчалык жакшы болсо, балдарды төрөөгө жана тарбиялоого мүмкүнчүлүктөрү ошончолук жогору болот. Жашоо-шарты жакшы үй-бүлөлөрдө балдардын саны жогору экендигин көптөгөн биздин изилдөөбүз да көрсөттү жана айыл жерлеринде салыштырмалуу кийинки учурларда балдардын төрөлүүсү азаюуда, деп жазды. Башка көптөгөн изилдөөлөргө таянсак жана КР УСК маалыматты көрсөткөндөй, тескерисинче, балалуу болууга аялдын билим деңгээли да өз таасирин тийгизет, билим деңгээли канчалык жогору болсо баланы ошончолук аз төрөйт, билими жок, жашоо шарттары начар болгон үй бүлөлөрдө балдардын саны жогору болот жана мындай көрүнүш өзгөчө элет жеринде көп кездешет. Мисалы, балдардын төрөлүшү, 2015-жылдын башталышына – 33,1 пайыз болсо, 2019-жылдын башталышына 34,3 пайыз. Эгер 2018-жылы шаарларда 62046 бала төрөлсө, айыл жеринде 109103 төрөлгөн, анын ичинен Ош жана Жалал-Абад облустарында наристелер көп төрөлүүдө (КР УСК).

2. 80-бетте. Автор, облустагы төрөттөн энелердин өлүмү 2011-жылга караганда, салыштырмалуу 2020-жылы кыскарганы менен, энелердин өлүмү өлкөнүн Ош жана Жалал-Абад облустарында көп катталгандыгын белгилеген. Муну кайсы маалыматка таянып жазды? Эгер КРнын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына таянсак, боюнда бар кезинде боюнан козголуп, төрөт учурунда же төрөттөн кийинки мезгилде кайтыш болгон аялдардын саны төмөнкүдөй катталган: Нарын облусунда – 105,7; Ысык-Көл – 71,2; Жалал-Абад – 38,2; Баткен – 33,6; эң төмөнкү көрсөткүч 8,3 Ош облусунда катталган. Ошону менен бирге энелердин өлүмү дагы эле саны өсүп жатат, көз жумган энелердин 67,3 пайызы айыл жеринде катталган. Автор, төрөттөн каза болгон аялдардын дээрлик көпчүлүгү дарыгерлердин кароосунда болбогондор жана миграцияда жүргөн аялдар түзөт, деп жазды. Туура, бирок бул эң биринчи себептер эмес. Кандын курамында темирдин жетишпегендигинен төрөт курагында аялдардын 35 пайызы жапа чегет, бул аялдардын төрөт учурда канды көп жоготкондугун айынан пайда болот. Аялдардын өлүмүнүн ар бир үчүнчүсү, өзгөчө айыл жергесинде ушуга байланыштуу болот. Мындан сырткары өлкөдө аялдардын 42 пайызынын фолий кислотасына таңкыстыгы бар. Бул дарттын эң негизги себептеринин бири айыл жергесинде жашоо-тиричиликтин деңгээлинин өтө төмөндүгү болуп саналат. Бир түрдүү тамактануу, ден соолукка пайдалуу ингредиенттеринин жетишсиздиги бул оруунун көбөйүшүнө алып келет. 2018-жылы анемия менен оруп катталгандардын саны эркектердин арасында 36,8 миң болсо, аялдардын арасында 80,7 миң болгон.
3. 3.1 бөлүмдө. (116-121б.) “Облустук калкынын этностук курамынын өзгөрүүсү”. Бөлүм 6 барактан турса, анын 4 бети 1876, 1924, 1936 жылдардагы болгон үстүртөдөн кыскача маалымат, 1 бети таблица, 1 бети кыскача азыркы мезгилге (диссертациянын темасына дал келген) туура келген маалыматтан турат. Ошондуктан 2.4. “Облустагы калктын миграциясы жана анын калктын курамына тийгизген таасири” деген бөлүм менен бириктирүү керек, анткени бул бөлүмдө да автор этносттук курамынын өзгөрүүсү жөнүндө да маалымат берген, тиешелүү таблицалар да бар. Ошондой эле башка этносттор да жалпы калкттын курамына кирет.
4. 126 б. Автор, материалдарды талдоонун негизинде облуста кийинки учурда никелешүүлөрдүн саны кыскарганын көрдүк, акыркы мезгилде облустун аймагындагы үй-бүлөлөрдө ажырашуулар көбөйдү. Үй-бүлөнүн бузулушу өтө сейрек кездешкен, деген чечим чыгарды. Автор, тагыраак көрсөтсө, мыйзамдуу түрдө нике же жөн гана граждандык нике ( молдо аркылуу), кайсы формадагы нике жөнүндө автор сөз кылып жатат? Бүгүнкү күндө биздин өлкөдө адамдардын укугуна доо келтирген бул өтө манилүү маселе, ошондуктан кайсы формадагы нике изилдеген аймактарда көбүрөөк кездешкени тууралуу маалымат өтө маанилүү болот.

Бирок жогорудагы кемчиликтер диссертациянын жалпы илимий-методикалык деңгээлин түшүрбөйт. Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөр этносоциологиялык изилдөөнүн, Эл каттоолордун материалдарынын жана башка статистикалык маалыматтарды талдоонун негизинде негизинде комплекстүү изилденген. Жогорудагы аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан изденүүчү Абдувапова Айнагүлдүн илимий ишин айтылган пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуштаймын (экспертин кортундусу тиркелген).

**Төрага:** Эксперттик комиссиянын мүчөсү Чолпон Урушбекованын корутундусуна жооп берүү үчүн сөз изденүүчү Айнагүл Абдуваповага берилет.

**Изденүүчү Абдувапова А.Т.** Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын жана бүгүнкү жыйынга катышкан кенештин мүчөлөрүнө мен тарабынан жазылган илимий изилдөөгө берген сунуштарыныздарга ыракмат! Белгилеп кете турган нерсе, биринчиден, диссертациялык ишти, 3-бапка бөлүп изилдегенбиз. Кайрадан 4- бапка бөлүп, карадык. Биринчи бапты изилдөөнүн тарыхнаамесин, өзүнчө, экинчи бапты диссертациялык иштин теориясы, методологиясы жана булактарын изилдедик.

Экинчиден, диссертациялык иштин, өзгөчөлүгү этносоциологиялык изилдөө жүргүзүлдү. Илимий жыйынтыктар чыгарылды жана жаны маалыматтар илимий айлампага киргизилди. Сурамжылоо иргеме жолу менен жүргүзүлгөн. Анда калктын саны, этникалык курамы, шаарга жакындыгы боюнча Ош облусу, Ош шаары, Кара-суу району жана Большевик айылы алынган. Үчүнчүдөн, Чолпон Урушбекованын берген сунуштары мактоого татырлык деп эсептеймин.Сиз берген сунуштарыныздын баарын эске алып, тиешелүү кошумчаларды кошуп чыктым.

**Төрага:** Изденүүчүгө, эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө башка суроолоруңуздар жок болсо анда диссертациялык кеңештин токтомун кабыл алууга өтөлү.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628. Диссертациялык кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын **“Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)”** аттуу

темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын корутундусу бекитилсин.

2. Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын **“Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)”** деген темада 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазган диссертациялык иши ачык коргоого кабыл алынсын.

3. Коргоо 2021-жылдын 24-ноябрында саат 16.00 дө өткөрүлсүн.

**4. Бекитилсин:**

Жетектөөчү мекеме – Жалал -Абад мамлекеттик университетинин “Тарых жана коомдук илимдер” кафедрасы.

Расмий оппоненттери:

1. тарых илимдеринин доктору, профессор, -КР УИАнын мүчө-корреспонденти Койчуманова Чолпон Урушбековна;
2. тарых илимдеринин кандидаты, доцент Омурзакова Жылдыз Кубанычбековна.

5. **Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынан Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын авторефератын басып чыгарууга уруксат берүүсү суралсын.**

Токтом диссертациялык кеңештин **10** мүчөсүнүн колдооосу менен бир добуштан кабыл алынды.

**Диссертациялык кеңештин**
**төрагасы, т.и.д.,профессор** **Т.К.Чоротегин**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**т.и.к., а.и.к.** **А.З.Жапаров**